ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 37.032/.035+159.923.2(045/046)

*ТУРАТБЕК К. Ж.*
*TURATBEK K. J.*
***E.mail. ksucta@elcat.kg***

**СОЦИАЛДЫК МОБИЛДҮҮЛҮКТҮ ИШКЕ АШЫРУУДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТААСИРИ**

**ВЛИЯНИЕ ОБРАЗОВАНИЯ НА СОЦИАЛЬНУЮ МОБИЛЬНОСТЬ**

**INFLUENCE OF SOCIAL IMPLEMENTING MOBILITY**

*Макалада социалдык мобилдүүлүктү ишке ашыруудагы билим берүүнүн таасири каралып, инсандын социалдык мобилдүүлүгүн камсыздоодогу билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат берилет.*

***Чечүүчү сөздөр:*** *Мобилдүүлүк, билим берүү, инсан, коом, тарбия, социалдык.*

*В статье рассматривается влияние реализации социальной мобильности образования и значение личной информации о возможностях образования в обеспечении социальной мобильности личности.*

***Ключевые слова:*** *Мобилность, образование, личность, общество, таалим-тарбия, социальный.*

*The article examines the impact of the realization of social mobility of education and the importance of personal information about educational opportunities in ensuring social mobility of the individual.*

***Key words:*** *Mobility, education, personality, society, taalim-tarbiya, social.*

Билим берүү социалдык-гуманитардык илимдердин дискурсунда көп колдонулуучу бирден-бир категориялардан болуп эсептелет. Билим берүү - бул социомаданий тажрыйбанын чөйрөсүн, тармактык системасын жана атайын уюштурулган процессти, ишмердүүлүктүн белгилүү бир натыйжасын туюндурган көп маанилүү түшүнүк. Акыркы мезгилдерде «билим берүүчүлүк кызмат», «билим берүүчүлүк кызматтарды колдонуучу» ж.б.у.с. түшүнүктөрдү пайдалануу менен билимди кызмат көрсөтүү катары айтып жүрүшөт. «Билим берүү» түшүнүгүнүн дагы бир мааниси аны адамдын социалдык мобилдүүлүктүн бир фактору катары түшүнүү менен байланыштуу. Билим берүүнүн маңызы социалдык мобилдүүлүктүн фактору катары дээрлик татаал жана көп кырдуу аныкталат, бирок аны ачып берүү адамдын көчүүсүн камсыз кылуудагы билимдин мүмкүнчүлүктөрүн ары так аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Социалдык мобилдүүлүк – бул факторлорду топтоонун жардамы аркасында жүзөгө ашырылган жеке адамдын, социалдык мейкиндиктеги социалдык топтун көчүүсүн мүнөздөгөн социалдык процесс, ал аталган процесстин функцияланышуусун камсыз кылат. «Социалдык мобилдүүлүк» категориясы П.А.Сорокин тарабынан киргизилип, батыш социалдык философиясында жана социологиясында колдонулат [8. 86-б.].

Билим берүүнүн адамдын социалдык мобилдүүлүгүнүн жүзөгө ашырылуусуна тийгизген таасирин көрсөтүү анын институцияланышкан формасынын функцияланышуусунда ары ачык байкалат. Билим берүү персоналга, башкаруу аппаратына жана өзгөчө процедураларга таянган статустар менен ролдордун, социалдык нормалардын, социалдык уюмдардын (мекемелердин, ишканалардын, университеттердин, академиялардын, институттардын, фирмалардын ж.б.у.с.) жыйындысын камтыган социалдык институт катары каралат. Баардык башка институттар сыяктуу эле билим берүү белгилүү бир социалдык функцияларды аткарат. А.Ж.Кусжанова билимдин эки маңыздык функциясын бөлүп көрсөтөт [6. 11-б.].

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Биринчи функция – мурастык же социалдык-кайра өндүрүүчүлүк, ал билим берүү «социалдык типти» кайра өндүрүүсүнөн көрүнөт, б.а. конкреттүү коомду анын сапаттык өзгөчөлүгүндөгү жана конкреттүү-социалдык өздүк турмушундагы социалдык бүтүндүк катары сактоосун кайра жаратып, камсыз кылат. Билим берүү жаңы муунга социалдык-уюмдук турмуштун ыктарын таратып, жаңы алып жүрүүчүлөргө конкреттүү коомдун социалдык белгилерин трансляциялайт. Ал ар бир конкреттүү коомдун социалдык мобилдүүлүк факторлорунун системасын жана социалдык курамын кайра жаратып, адамдын өздүк аныкталуусу жана идентификациялануусу үчүн шарттарды түзүп берет жана адамдын социалдык реалдуулука терендеп кирүүсүн (социалдашуусун) камсыз кылат.

Экинчи функция – өнүгүүчү жана адаптациялык-өзгөрмөлүү болуп социалдык субөектеги инновацияларга болгон өнүгүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыраарынан байкалат. Аталган функциянын жардамы аркасында тажрыйбанын базасында коомдук-тарыхый тажрыйба өнүгүп, социалдык өнүгүү болуп өтөт. Аталган функция коомдук системанын олуттуу кайра курууларына эле эмес, жеке адамдын жашоосунун татаал мезгилдерине кирген социалдык субъектке, анын дараметине аппеляциялайт. Алсак биринчи учурда адамзат дарамети коомдун өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү катары кызмат кылса, ал эми экинчи учурда болсо адамга кыйын турмуштук кырдаал менен алпурушканга мүмкүндүк берет.

Азыркы күндөгү кырдаалдарда билим берүүнүн социалдык-кайра өндүрүүчүлүк зыяны өнүгүүчү функцияны болгон иш-аракети менен жүзөгө ашырууда. Коомдун кайра өндүрүүчүлүк функциясынын адамдын өнүгүү функциясынан ажыратылышы билимдин маанисин социалдуулукту сактоо, кайра өндүрүү механизми катары алсыратууга жана негативдүү мүнөзгө ээ болгон натыйжаларга алып келүүгө жөндөмдүү. Анын үстүнө коомдогу билим берүүнүн ролун утилитардык-прагматикалык көз караштa кароо, билимдин ылайыктуу методдорун жана маңызын киргизүү билимдин процессинде жана натыйжасында чагылдырылбай койгон эмес. Бирден-бир көрүнүшү катары адамдын рухийлүүлүгүнүн өнүгүүсүнө эмес, билим берүү системасын өткөрүп берүүгө болгон багыттуулук эсептелген азыркы күндүн билиминин кризиси жана адамдагы инструменталдык баалуулуктарга болгон багытты түзүү калыптанган инсандын деформациясына алып келет. Кыргызстандын билим берүү системасындагы кризис абдан эле байкалып турат, бул жалпы эле бүткүл кыргыз коомдук системанын кризиси менен байланыштуу [2].

Демек, билим берүүнүн эки жактуу, маңызы карама-каршы милдети коом менен адамды пайда болуучу социалдык реалдуулукту (сактоо) кайра өндүрүүгө жана социалдык аныктуулукту (өнүгүү) жаңылоого даярдоосунда турат. Билим берүүнүн башка берилген жана анализденген социалдык функциялары - анын маңыздык функцияларына болгон кандайдыр-бир маалымат (редукция). Мисалы, билим берүүнүн социалдык-дифференциялык функциясы билим коомдогу индивиддерди бөлүштүрүүсүнүн бирден-бир шарты катары кызмат кылат, муну менен коомдо пайда болуучу социалдык теңсиздик системасын сактоонун кубаттуу фактору болуп эсептелет. Билим берүүнүн көптөгөн багыттарынын жана формаларынын пайда болуусуна, анын маңызынын жана башка объективдик жана субъективдик факторлорунун дайыма татаалданып турушуна карабастан бардык коомдогу билим берүү тарыхый кырдаалдарга карабастан билим берүүчүлүк жана кесиптик топтордун калыптануусуна алып келет. Ал азыркы күндүн адамынын өзгөчө социалдык индикатору болуп эсептелип, анын социалдык абалынын билим берүүчүлүк деңгээлинен көз каранды экендигин көрсөтүп турат. Билим берүүнүн социалдык-селекциялаштыруучу функциясы индивиддерди кандайдыр-бир көрсөткүчтөрү боюнча ар кыл социалдык топторго киргизүүдөгү тандоосу менен байланыштуу. Селекция – адамдын социалдык мобилдүүлүгүнүн фактору катары билим берүүнүн бирден-бир маанилүү функциясы, аларды өзүлөрүнүн социалдык-философиялык концепцияларында адегенде Платон, Аристотель, кийинчереек Д.Дьюи, П.А.Сорокин ж.б. философтор бөлүп

көрсөтүшкөн. [7.8. 15-56-б.]. Р.Ф.Абдеев табият менен адамзат коомундагы өздүк уюшулуу процессин изилдөө менен тандоо факторуна өздүк уюшулуу процессинин аныктоочу элементи катары кайрылган.

Билим берүүнүн сертификациялоочу функциясы да олуттуу мааниге ээ. Сертификация - бул адамдын билимдүүлүгүнүн жана адистик чеберчилигинин деңгээлинин ар кыл талаптарга, жоболорго жана нормаларга ылайык келүүсүн тастыктоо процедурасы. Формалдык билим берүү системасынын функцияланышуусу ээ болгон билим берүүлөрдүн, -дипломдордун, сертификаттардын ж.б.у.с. деңгээлин тастыктоочу документтерди берүү менен камсыз кылынат, аларга ээлик кылуу эмгек бөлүштүрүү системаларындагы жана иштиктүү коомдогу социалдык стратификацияларда ылайыктуу орундарды ээлөөсүнүн шарты болуп эсептелет. Алардын болуусу же болбосу көпчүлүк жагынан адамдын социалдык мобилдүүлүкө болгон мүмкүнчүлүгү аныктайт. Д.Белл жазгандай, меритократиялык постиндустриалдык коом «сертификациялоочу коом» болуп эсептелет, анда илимий даражанын, квалификациялык экзамендин же лицензиянын жардамы аркасында натыйжаларын тастыктоо – ары кадыр-барктуу жумушту алуунун шарты болуп калат [3. 155-156-б.]. Билим берүү аркылуу жүзөгө ашырылган конкреттүү социалдык функциялар адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу социалдык-статустук функциясы менен жакындашат. Анын маңызы билим берүүнүн адамдын социалдык абалынын өзгөрүүсүнө тийгизген таасиринде турат жана анын социалдык статусунун, мансаптык жана кесиптик өсүүсүнүн жогорулоосун же төмөндөөсүн шарттап турат. Билим берүүнүн социалдык-статустук функциясы адамдын курамдык (мажбурлоочулук) жана өз ыктыярдуулук мобилдүүлүгүн камсыз кылат.

Билим берүүнүн маңызын ачып берүүдө олуттуу мааниге билим берүүчүлүк билимдердин өзөгүн ачып берүү ээ болот. Билим берүүчүлүк билимдер – бул бир же анча көп эмес жакшы, так үлгүлөрдө ээ болгон жана билимдер системасына киргизилген келечектеги тажрыйбанын бардык кокустук фактылардын «категорияларынын» билип алуусунун формалары жана эрежелери болушкан маңыздык билим. Билим берүүчүлүк билим толугу менен адам тарабынан ыйгарылып, анын рухийлигинин ажырагыс бир бөлүгү болуп калаары менен мүнөздөлөт, ал жөнүндө ойлонушпайт, анын булагын аныктоого мүмкүн эмес. Ошондуктан билим берүүчүлүк билим өзүнөн өзү белгилүү катары эсептелип, ошол эле мезгилде ал дайыма өзүнүн жеке чектерин аңдап билет. Ошон үчүн чыныгы билим берүүчүлүк билим ал билбегенди дайыма билип турат.

Демек, билим берүү философиялык категория катары - адамдын образынын, анын нукура маңызынын жана милдеттеринин үзгүлтүксүз калыптануусу, адамдын ички жана бүтүн өзгөрүүсүнүн процесс. Г.Х. Гадамердин пикиринде «билим берүүнүн натыйжасы ички калыптануу процессинен жана билимден келип чыгат, ошондуктан дайыма улануу жана өнүгүү абалында болушат» [4. 52-б.]. Андыктан адамдын социалдык-рухий маңызынын өнүгүүсү өзүнө мобилдүүлүктүн өзгөчө формасын камтып турат, билим берүүнүн маңызында анын социалдык кыймылдуулугун жөнгө салат. Билим берүүнү «өзүнүн маңызы боюнча соңуна чыгууга мүмкүн болбогон түгөнбөс тапшырма катары түшүнүүгө болот» [4. 35-б.], билим берүү процесси адам жашоосун эле коштоп жүрүүчү эмес, анын курамына кирген процесс катары аныкталат. Ошону менен бирге билим берүү – адамдын турмуштук жолунун ажырагыс мүнөздөмөсү.

Философияда адам коомдук мамилелердин субъектиси катары каралып, ар кыл социалдык мамилелерди кайра өндүрүү процессине кирүү зарыл болгон белгилүү бир социалдык-рухий сапаттарга, жөндөмдүүлүктөргө жана муктаждыктарга ээ болуусу зарыл. Мындай сапаттардын бири катары билимдүүлүк эсептелет. Көпчүлүк убактарда билим берүү аталган аспектиде инсандын жетишкендиги жана билим берүүнүн натыйжасы катары каралат. Билимдүүлүк Г.Гегелдин аныктамасы боюнча индивид билим берүүнүн аркасында олуттуулука жана аныктуулука ээ болуусу. Алсак, «ал канчалык (индивидуалдуулук) билимдүү болсо, ошончолук күчкө ээ болот» [5. 263-б.]. Билимдүүлүк адамдын чыныгы бар болмушуна ээ болуусуна мүмкнүчүлүк берген

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

адамдын сапаты. Ошентип, адам канчалык билимдүү болсо, ал ошончолук барды жалпыга жакын болот.

Эгерде билим берүү – бул адамдын социалдык олуттуу сапаттарын калыптандыруу процесси болсо, билимдүүлүк билимдүүлүк ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун демонстарциялоочу кандайдыр-бир сапаттуу аныктуулук катары кызмат кылат. А.Ж.Кусжанованын пикиринде, билимдүүлүктүн маңызы аталган коомчулук үчүн оң мааниге ээ адамзат ишмердүүлүгүнүн (материалдык жана рухий) позитивдүү натыйжаларынын бардык жыйындысын камтыган субъектин, социалдык-тарыхый тажрыйбанын бөлүгүнө болгон актуалдуу кошулуусунда, өздөштүрүлүүсүндө турат.

Кесиптик компонентүүлүк баарынан мурда адамдын кесиптик билими, тажрыйбасы, жеке жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээли, инсандык жана имердүүлүк касиеттери, анын үзгүлтүксүз өздүк билим алуу аракеттери, ишке болгон чыгармачыл жана жоопкерчиликтүү мамилеси менен аныкталат. В.Е. Кемеров билим берүү менен жөндөмдүүлүктөрдү өткөрүп берүүгө багытталган заманбап билимдин эффективдүү эместигин баса белгилөө менен адамга билим берүүлөр менен жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө бирдиктүү өз алдынча багыт берген инсандык курамдарды жана жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу кыйла мааниге ээ болгондугун айтат. Ал кесиптик кемчиликтерди компенсирлөө жөндөмдүүлүктөрү, жаңы билим берүүлөрдү калыптандыруу, квалификацияга өз алдынча «кошуу» туурасындагы «метаквалификация» - түшүнүгүн пайдалант.

Билимдүүлүк менен кесиптик компетенттүүлүктүн биримдиги инструменталдык жана терминалдык баалуулук катары кызмат кылуу менен адамдын өздүк жүзөгө ашырылуусунун аспектисинде каралат. Алсак, билимдүүлүк «субъект, адам, социалдык топ, коом менен сөзсүз түрдө айкалышуучу атрибуттук касиет», ал эми кесиптик компетенттүүлүк – кандайдыр-бир ишмердүүлүктү ийгиликтүү өздөштүрүүнү камсыз кылган адамдын жекелик-инсандык жана социалдык касиеттеринин жыйындысы. Аталган касиеттер коомдогу жашоо үчүн зарыл болгон шарттарды эле камтып турбастан, адамдын социалдык мобилдүүлүгүнүн жүзөгө ашырылышы үчүн жагымдуу атмосфераны да түзүп берет.

Билим берүү бул - адамдын социалдык орун алмашуусун детерминациялаган социалдык-кайра өндүрүүчүлүк жана өнүгүүчүлүк функцияларын жүзөгө ашырган социалдык институт. Аталган функциялар бири-бири менен комплексте жана тыгыз байланышта жүзөгө ашырылышып, социалдык-дифференциялаштыруучулук, социалдык-селекциялаштыруучулук, сертификациялаштыруучулук ж.б. подфункцияларда байкалат. Адамзат ченеминдеги билим берүү адам образынын калыптануусунун, анын нукура маңызынын, адамдын ички жана бүтүн өзгөрүүсүнүн процесси. Адамдын калыптануусу адамзат маңызынын биологиялыктан рухий-социалдыка болгон кыймылын камтыган татаал диалектикалык процесс катары түшүндүрүлөт, билим берүүчүлүк процесс адамдын социалдык-рухий сапаттарынын калыптануу процесси менен айкалыштырат. Билим берүү өзүн билимдүүлүк жана кесиптик компетенттүүлүк сыяктуу белгилүү бир сапаттарда көрсөтөт.

Билим берүүнүн адамдын социалдык орун алмашуусунун жүзөгө ашырылуусуна тийгизген таасири туурасындагы маселени ары толук жана айныксыз анализге алуу үчүн билим берүүнүн маңызын социалдык мобилдүүлүктү камсыздоо фактору катары так чагылдыра турган түшүнүктү табуу зарылчылыгы келип чыгат.

Бирок билим берүүнүн натыйжасы болуп билимдер менен кесипкөйлүк эле эсептелбейт. Социалдашкан функция комплекстүү түрдө, бир жагынан олуттуу социалдык тажрыйбаны жаңы муунга өткөрүп берүү аркылуу жүзөгө ашырылса, экинчи жагынан, коом үчүн зарыл болгон инсандын тибин калыптандырат. Ар бир социалдык топ, анын коомдогу абалынан көз карандысыз түрдө өзүнүн спецификалык топтук аң-сезимине, баалуулук-нормативдик системасына, жашоо образына ээ. Ошондуктан билим берүү адамды кыйла статустуу топко киргизүү эле эмес, аталган субмаданияттын өкүлдөрүнүн калыптанган дүйнө көз карашына ыкташтыруу функциясын да аткарат. Бир өңүттөн экинчисине өтүүсү жүзөгө ашырылуусу үчүн «бышып-жетилүүсү» зарыл, б.а.

адам кыйла жогорку абалды ээлөөгө жөндөмдүү болгон сапатка, абалга жетүүсү абзел. Кыйла статустуу топко кирүүсүнө жетиштүү болгон индивиддин белгилүү бир деңгээлге бышып-жетилүүсү тажрыйба топтоонун жана өздүк билим берүүчүлүк ишмердүүлүктүн натыйжасында болуп өтөт. Адамдын белгилүү социалдык катмарга тийиштүү экендигин кандайдыр-бир жол менен тастыкталуусу же документтешүүсү жетишсиздей байкалат. Адам эгерде аталган катмардын алкагында калгысы келсе аталган катмардын толкунуна рухий-дүйнө көз караштык жана менталдык түрдө ыңгайлашуусу зарыл. Эгерде психологиялык кайра куруу болбой калса, анда адам алынган социалдык статуста кыйынчылык менен орноп калат.

Демек, социалдык мобилдүүлүктүн фактору катары кызмат кылган билим берүүнүн маңызы билимдин социалдык функцияларынын жана адамдын социалдык мейкиндиктеги жайгашуусун камсыз кылган жана өзүнүн ар кыл көрүнүштөрүндө ары толук түрдө «билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү» түшүнүгүндө ачылып берилген, адамдын индивидуалдык-инсандык сапаттарынын жыйындысы катары мүнөздөлөт. Бир катар жеке функцияларда конкреттештирилген социалдык-кайра өндүрүүчүлүк жана өнүктүрүүчү функцияларды жүзөгө ашырган социалдык институт катары, бир жагынан адамдын образынын калыптануу процесси, анын билимдүүлүгүнүн өнүгүүсү, кесиптик компенеттүүлүгү, экинчи жагынан, адамдын социалдык мобилдүүлүгүнүн маанилүү фактору катары чыгат. Социалдык аныкталуу жана социалдык өздүк шайкештиктин механизмдерин калыптандыруу менен, билим адамдын социалдык мобилдүүлүгүнүн демилгечиси болуп калат.

## Адабияттар тизмеси


1. Асанова У. Образование как философская проблема [Текст]: дис.... д-ра филос.наук / У.Асанова // Ин-т философии и права НАН КР. – Бишкек: 2001. – 302 с.
2. Асанова У. Философия образования [Текст]/ У.Асанова. – Бишкек: Илим, 2001. - 216 с.
3. Белл Д. Грядущее постиндустриальное общество. Опыт социального прогнозирования [Текст] / Д. Белл. - М.: Academia, 1999. – 156 с.
4. Гадамер, Х.-Г. Истина и метод: основы философской герменевтики [Текст] / Х.-Г. Гадамер. - М.: Прогресс, 1988. – 525 с.
5. Гегель Г. В. Ф. Система наук. Ч. 1. Феноменология духа [Текст] / Г. В. Ф. Гегель. - СПб.: Наука, 1996. - 263 с.
6. Кусжанова А. Ж. Социально-философские проблемы теории образования [Текст]: Монография // А. Ж. Кусжанова. - СПб.: Синтез-Полиграф, 2003. - 11 с.
7. Сорокин П. А. Социальная и культурная мобильность [Текст] / П. А. Сорокин // в кн. Человек, цивилизация, общество /// под ред. А. Ю. Согомонова. - М.: Политиздат, 1992. – 297 с.
8. Сорокин П. А. Социальная мобильность [Текст] / П.А.Сорокин. — М.: Academia; LVS, 2005. – 56-86 с.